**Өтүлүүчү күнү:** 7.03.22 **Пр.муг:** Журсуналиева **Текшерилди:** Шоже
**Сабактын тиби: жаңы билим берүүчү сабак. Кыргыз адабияты. 7-класс.**
**Сабакта колдонулуучу усулдар жана ыкмалар: интерактивдүү, айтып берүүчүлүк, суроо-жооп методу.**
**Сабакта колдонулуучу каражаттар жана материалдар: окуу китеби, сүрөттөр, компьютер, таркатмалар, таблицалар ж.б**

# Сабактын темасы:

## М.Байжиев. "Бир тоголок самын" аңгемесин бышыктоо.

| Негизги компетенттүүлүктөр: | Сабактын максаттары: көрсөткүчтөрү |
|---|---|
| 1.Маалыматтык: маалымат менен иштей билет. Жетишпеген маалыматты издеп табууга аракеттенет. | М.Байжиевдин өмүрү, чыгармачылыгы боюнча маалыматтарын бышыкташат. "Бир тоголок самын" аңгемесинин сюжеттик мазмунун тереңдетип үйрөнүшөт. |
| 2.Социалдык –коммуникативдик: өзүнүн билгендерин башка окуучулар менен бөлүшүүгө даяр. Маектешүүдө зарыл маалымат алууга даяр. Аны оозеки жана жазуу жүзүндө билдирет. | Чыгарманын идеясын,образдар системасын талдоого көнүгүшөт. |
| 3.Өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү: өзүн-өзү өнүктүрүү ыкмаларын өздөштүрүүгө даяр. | Топтордо иштөө аркылуу бири-бирин сыйлоого тарбияланышат. Араккечтиктин коомго тийгизген терс таасирин билип, көрө алышат. |

**Жогорку максаттар ишке ашат, эгерде: (сабактын көрсөткүчтөрү)**



**-М.Байжиевдин "Бир тоголок самын" аңгемесинин негизги сюжеттик окуяларын эстеринде сактап, баяндап айтып бере алышса;**
**-андагы образдарды мүнөздөп, баа бере алышса;**
**-чыгармадагы автордун айтайын деген оюэмне экенин таба алышса;**
**-берилген тапшырмаларды туура аткарып, активдүүлүк көрсөтүшсө.**

**Окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр:**

| | |
|---|---|
| **Окурмандык компетенттүүлүк** | Чыгарманы мазмунун өздөштүрүшүп, андагы негизги окуяларды баяндап айтып бере алат. |
| **Баалуулук дүйнө таанымдык** | **Чыгармада берилген адеп-ахлактык баалуулуктарды түшүнүшөт.** |
| **Адабий –чыгармачылык компетенттүүлүк** | **Чыгармачылык менен иштөөгө көнүгүшөт, кыска мөөнөттүк эссе ж.б. чыгармачыл иштерди жазуу жөндөмдүүлүктөрү артат.** |

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этаптары | Уб Ак | Мугалимдин иш аракеттери | Окуучулар-н иш аракети | Окууч.калып.чу компетен-р | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|

| | | | | Негизги комп | Пред Комп | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.Мотивация Уюштуруу Шыктандыруу | 2-3 | Окуучулардын көңүл борборун сабакка буруу.<br>Беш мөөнөттүк поэзия менен сабак баштоо.<br>Видео-слайд көрсөтүү. | Көркөм ырлардан үзүндү айтышат.<br>Жаңы тема боюнча алгачкы маалыматарды алышат.(Видео-слайд көрүү аркылуу) | НК-3 | ПК-3 | «Азаматсыңар!» «Дагы эмнени билесиңер?» деген сыяктуу сыпаттама  |
| 2.Теманы жана күтүлгөн окуу натыйжаларын жарыялоо | 2-3 | 1.Тема жана максат менен таанышышат.<br>2.Доскага илинген плакаттардан кыска түшүндүрмө берилет<br>3.Окуучулар менен бирдикте талкууланат. | 1..Мугалим менен бирдикте теманы коюшат. | НК-1<br>НК-2 | ПК-2 | Дагы кимиңер кандай ойлорду айта аласыңар?  |
| 3.Тема боюнча зарыл болгон маалыматтарды берүү | 4-5 | Жаңы тема боюнча маалыматтар берилет (тиркеме тиркелет). | 1.Жаңы маалыматты окуучулар кабыл алышат. | НК-1 | ПК-1 | Окуучуларга сыпаттама баалар берилет.  |
| Эс алуу мүнөтү | 1 | "Сөз тепкич" оюну Оюндун шарты боюнча бир муундуу сөзгө улам жаңы муун кошуу менен ким көп муундуу сөзгө жеткирсе, ошол окуучу жеңет. | Окуучулар кичине беш мөөнөткө эс алышат. | НК-2 | |  |
| 4.Интерактивдүү көнүгүүлөр-сабактын борбордук бөлүгү | 25-27 | .Топтор менен иштөө.<br>1. Сүрөттөр менен иштөө.<br>2.Карточкадан бир собол.<br>3.Тесттик тапшырмалар.<br>4.Сезимдер таблицасы.<br>5."Эки бөлүктүү күндөлүк". | Таблица менен иштөө. | НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | ПК-2<br>ПК-3 | Мугалимдин алкышы, ар бир окуучуну өзүнчө сыпаттама баалар менен баалайт. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5.Сабактын жыйынтыктарын чыгаруу; натыйжаларын баалоо | 5-6 | 1.Жыйынтыктоо. Чыгарманын картасы. **4.Үй тапшырма берилет.** Үй иши: Чыгарманын нег.де эссе жазуу. | Окуучулар өз жөндөмдүүлүк-төрү менен жазган тапшырмаларын көрсөтүшөт. | НК-1 НК-2 НК-3 | | Жыйынтыктоо. Баалоо |

## Мугалимдин сөзү. (Кошумча тиркеме)

### М.Байжиев. "Бир тоголок самын" аңгемесин бышыктоо.



**М.Байжиев 1935-жылдын 23-мартында Жалал-Абад облусунда туулган. Ал коомчулукка драматург, прозаик, журналист, жазуучу, адабиятчы, котормочу, кино жана театр режиссёру катары белгилүү. «Балдар бойго жеткенде», «Эрөөл», «Эр намысы», «Ар бир үйдө майрам», «Кыз-күйөө», «Алтынчы күнү кечинде», «Узак сапардагы поезд», «Он экинчи күн», «Төрт адам» деген пьесалары бар. Мар Байжиев «Манас» эпосун изилдөөгө жана пропагандалоого зор салымын кошкон. Ал «Манас» эпосу жөнүндө биринчи даректүү тасманын автору, Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасында «Манас» эпосуна жана кичи кыргыз эпосторуна арналган сүрөт галереяларын уюштурган, репрессияга учураган манас таануучулардын атындагы сыйлыктарды уюштурган, «Манас» эпосунун орус жана англис тилдериндеги үч томдук энциклопедиясын чыгарган. «Манас» эпосун кыргыз тилинен орус тилине, Д. Фурмандын чыгармаларын, А.Чеховдун, Ж.Коктонун пьесаларын кыргыз тилине которуп, ал эми режиссер катары өзүнүн котормосундагы В.Шекспирдин «Антоний жана Клеопатра» трагедиясын кыргыз театр сахнасында сахналаштырган.**

**Кыргыз элинин руханий дүйнөсүнүн негизи болгон элдик оозеки чыгармачылыкты изилдеп, сахналаштырып, чет элге жайылтууда, кыргыз элинин бай маданиятын**

түрдүү жанрда, ракурста даңазалоодогу эбегейсиз эмгеги үчүн Мар Ташимович Байжиев III даражадагы «Манас» жана «Данакер» ордендери менен сыйланган.

2021-жылдын 29-октябрында 86 жаш курагында Кыргыз эл жазуучусу, III даражадагы «Манас» жана «Данакер» ордендеринин ээси, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген ишмери, Кыргызстан улуттук кино академиясынын мүчөсү, драматург Мар Байжиев дүйнөдөн кайтты.

**"Бир тоголок самын" аңгемеси турмуштук оор жагдайга кириптер болуп калган баланын аянычтуу тагдырын баяндайт.Чыгарма Турусбек деген баланын "менин атам киши өлтүргөн" деген билдирүүсү менен башталат. Согуш учурундагы каатчылык, жетишпеген турмуш. Мына ушундай оор кырдаалдагы бир тоголок самындын баасы 30-40 жумурткага тете болгон каатчылык, Турусбек менен Зайранын сезимдери, араккечтик тууралуу маселелер, Зайра аттуу жаш кыздын аянычтуу абалы ж.б. тууралуу баяндалат. Согуш учурундагы айыл турмушунан алынган катаал турмуш, эрки бош аракеч адамдын бейкүнөө кыздын өлүмүнө себепкер болушу, турмушка жаңыдан кадам коюп жаткан баласынын алдында жексур, шүмшүк көрүнүшү тууралуу кайгылуу баяндын кыскача мазмуну ушундай.**

## Сабакты бышыктоо. Топтор менен иштөө.

**Сабак -мелдеш формасында өтөт. Сунушталуучу тапшырмалар.**

**1-тапшырма: Сүрөттөр менен иштөө. Топтогу окуучулар бирдикте чыгарманы сүрөт менен чагылдырып беришет. Топ башчысы чыгып, презентациялайт.**

**2-тапшырма: "Карточкадан бир собол" . Топторго карточкалар, перфокарталар таркатылат. Окуучулар берилген суроолорго жооп беришет.**
**Болжолдуу суроолор:**

1. Чыгарма кандай эпиграф менен башталат?
2. Турусбек менен Зайранын ортосунда кандай сезим бар?
3. Турусбектин атайылап ордунан калышы, сабак калтырып, сабактан артта калышы эмне үчүн деп ойлойсуңар? Бул туурабы?
4. Зайранын өлүмүнө кимди күнөөлүү деп ойлойсуңар?
5. Бүгүнкү күндө да арак ичкен ушундай араккечтер барбы?
6. Араккечтиктен кантип арылабыз?
7. Чыгарма араккечтик жөнүндө болуп жатса, эмне үчүн "Бир тоголок самын" деп аталышын кандай түшүнөсүңөр?
8. Согуш учурундагы каатчылык жөнүндө дагы эмне билесиңер?
   Жогоруда жалпы сегиз суроо сунушталды, ар бир топко төрттөн .

**3-тапшырма: Тесттик тапшырмалар.** Ар бир топко 5 суроо.

1-топтун окуучулары үчүн:

1. "Бир тоголок самын" аңгемесинин автору ким?
   А) М.Байжиев б) А.Жакыпбеков в) Т.Касымбеков
2. Аңгемедеги Турусбектин атасынын жан- досу.
   А) Маамыт б) Мырзабек в) Сурмаш
3. Зайранын өгөй атасы ким болот?
   А) Мырзабек б) Турусбек в) Маамыт.
4. Аңгемеде кайсы мезгил сүрөттөлгөн?
   А)Улуу Ата Мекендик согуш
   Б) революция жылдары
   В) улуттук –боштондук көтөрүлүш жылдары
5. Кой оозунан чөп албаган, эч кимге зыяны тийбеген каарман.
   А) Мырзабек б) Турусбектин атасы в) Сурмаш

2-топтун окуучулары үчүн.

1.М. Байжиевдин качан дүйнө салды?

А) 1935-ж б) 1979-ж в) 2021-ж.

2.Турмуш канчалык оор болсо да, апасынын кандай ачуулуу сөздөрүн укса да , канча кайгырбасын, бир адамды көргөндө Турусбек баарын унутат, ал ким эле?

А) атасы б) апасы в) Зайра

3. Айылдагылар сууну кай жерден ташыйт?

А) Жыргалаң б) Түп в) Чоң-Суу

4. Ошол учурда бир тоголок самындын баасы канча турган?

А) 50 сом б) 30-40 жумуртканын баасы в) 100

5. Айылдагы дарыгер.

А) Кривонос б) Маамыт в) Турусбектин атасы.

## 4-тапшырма. Таблицалар менен иштөө. Таблицаларды толтуруу.

### 1-топтун окуучулары үчүн "Сезимдер таблицасы"

2-топтун окуучулары үчүн "Эки бөлүктүү күндөлүк".

"Сезимдер таблицасы" . 1-топтун окуучулары Турусбектин образы, Зайрага болгон сүйүүсү боюнча жекече "Сезимдер таблицасын" толтурушат.

## "Сезимдер таблицасы"

| Турусбек менен Зайра, алардын айланасындагы адамдар жөнүндөгү пикириң. | Алар эмне кылат? | Турусбектин ой-кыялдары кандай болчу? | Каармандардын ички сезимдери,Турусбекке карата кандай сезимдер пайда болду? |
|---|---|---|---|
| | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**“Эки бөлүктүү күндөлүк” .**

**Таблицанын 1-бөлүгүнө чыгармадан цитата, узүндүлөр жазылат, 2-бөлүгүнө аны аныктоочу комментарийлерди жазып толтурушат.**

| **ЦИТАТА** | **КОММЕНТАРИЙ** |
|---|---|
| – Ошентип менин атам киши өлтүргөн, – деди Турусбек. Ал тымызын соккон желге билинер-билинбес шуудураган жалбырактарды тиктеп, эчаккы болгон бир окуяны эстеп жатты окшойт. | |
| -Ой, ушу сен да эркексиңби? Катын дегенди көп чойроктотпой бек кармаш керек. Зайыбынан корккон эркек адам эмес. Ал жөн эле бир жан! Кана, сенин кайратың үчүн! – деп бакылдап жатканын нечен жолу уккамын. | |
| Бирок, турмуш канчалык оор болбосун, үйдөн канчалык тил | |

| | |
|---|---|
| угуп, зээниң кейибесин, бир адамды көргөндө баарын унутам | |
| Атамдын бир кесиби жөнүндө айтпай кетиптирмин. Айылдагы келиндер аны «тамырчы аке» деп тергешет. | |
| – Сени шашпа, масың тарар, эртең менен эсиңе келерсиң, ошондо көрсөтөм сага базарлаганды! | |
| - Чакыр, батыраак. Зайранын шайманы бошоп калды.Бирөө мени оор нерсе менен төбөгө чапкансып, көзүм ымыр-чымыр, башым кеңгирей түштү. | |

## Сабакты жыйынтыктоо. Чыгарманын картасын түзүү.

**(Доскага ватманга чийилип илинет, окуучулар жалпы класс боюнча ойлорун айтып, суроолорго жооп берип, сабакты жыйынтыкташат).**




Үй тапшырма: Чыгарманын негизинде эссе жазуу.

Баалоо.

**Сабакты даярдаган мугалим:** ______________________________